КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**Ош мамлекеттик университети**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Ошский государственный университет**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC

**Osh State University**

**БУЙРУК № 522**

«15» 06 2016-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен (2016-жыл, 14-июнь, № 9 протокол) «Магистратурада окуу-усулдук. илимий иштердин уюштурулушу, өзгөчөлүктөрү жана перспективалары» деген №2 маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган токтом бекитилсин:

1. Магистратурада окуу-усулдук жана илимий иштердин уюштурулушу, өзгөчөлүктөрү жана келечеги жөнүндөгү А. Низамиевдин билдирүүсү эске алынсын.
2. Магистратуранын маңызы, максаттары жана өзгөчөлүктөрү боюнча чет өлкөлөрдөн тажрыйба алып келген окумуштууларды тартуу менен магистрлер үчүн өзүнчө, аларды окуткан профессордук-окутуучулук курам үчүн өзүнчө (сертификат тапшыруу менен) семинарлар уюштурулсун.
3. ОшМУдага профессордук-окутуучулук курамдын санын жана сапатын, илимий мектептердин ишмердүүлүгүн, түзүлгөн материалдык-техникалык базанын өзгөчөлүгүн жана республиканын жана анын түштүк аймагынын өнүгүү жана керектөө өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен магистратуранын багыттарын тар адистешүүгө буруу иштери жүргүзүлсүн.
4. Магистратурада окуу процессинин натыйжалуулугун өркүндөтүү максатында окутулуп жаткан дисциплиналар боюнча окуу адабияттары жана электрондук окуулуктар менен китепкананын фонду кеңейтилсин. Бул багытта айрыкча кыргыз тилиндеги адабияттар менен толуктоого көңүл бурулсун.
5. Программа жана диссертациялык иштердин жетекчилери тарабынан магистрдик диссертациялардын темаларын тандоодогу жана аларды сапаттуу аткаруудагы жоопкерчиликтери күчөтүлсүн.
6. Магистранттар үчүн окуу-методикалык комплексинин сапатын жакшыртуу жана сайтка жайгаштыруу, магистранттарга таркатуу иштери магистратура жана PhD докторантура бөлүмүнө жана программа жетекчилерине милдеттендирилсин.
7. Бакалавриат жана магистратуранын окуу процесстеринин графиктери бири-бирине дал келбегендигине байланыштуу AVN маалымат системасына өзгөртүү киргизилип, магистратура боюнча маалыматтар өз алдынча чыгарылсын.
8. ОшМУда магистратура программасын окутуу калыптануу процессинен өткөндүгүнө байланыштуу жана мындан аркы анын ишин жакшыртуу жана талапка ылайык уюштуруу максатында мурдагы коомдук башталышта иштеген факультеттердеги магистратура боюнча жооптуулардын айлык акыланына кошумча стимул каралуусу пландоо-экономикалык бөлүмгө жүктөлсүн.
9. Эл аралык алмашуу программаларынын алкагында магистранттардын мобилдүүлүгүн камсыздоо иши күчөтүлсүн. Ички мобилдүүлүктү калыптандыруу

максатында Бишкек шаарында жайгашкан магистратура бөлүмдөрү бар ЖОЖдор менен алмашуу программалары боюнча келишимдерди түзүү иштери жүргүзүлсүн.

10. Магистратура боюнча кесипке багыттоо иштери ар тараптуу жолдорду жана каражаттарды (иш сапарына чыгуу менен түздөн-түз жолугушуу, университтеттин сайтын колдонуу, Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясын тартуу, ММКтарынан чыгуу, башка университеттер менен байланыштарды күчөтүү ж.б.) колдонуу менен жүргүзүлсүн.

11. КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 9-июлунда чыккан №473 токтомуна ылайык магистр академиялык даражасына ээ болгон университеттин кызматкерлерине материалдык жактан стимул көрсөтүү максатында алардын айлык акыларына кошумча акы кошуу жагы пландоо-экономикалык бөлүмүнө жүктөлсүн.

12. Магистратура боюнча мамлекеттик стандарттарга заман талабына ылайык өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча КР Билим берүү жана илим министрлигине сунуш даярдоо магистратура жана PhD докторантура бөлүмүнө милдеттендирилсин.

13. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору, доцент А. Абдувалиевге жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчы М. Байсубановдун рапорту, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору**

**профессор** **К. Исаков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ • МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ • ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ • ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ • КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ • ИНН 00207199610017